| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезексиз 6 - отуруму**

# Т О К Т О М
**№ 6/7**

**2025-жылдын 03-марты** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагында жайгашкан Т.Отунчиев атындагы орто мектебинде жаңыдан кошумча имарат курулуп жаткандыгына байланыштуу, курулушка тоскоол болгон 43 түп кара жыгач, 1 түп жаңгак, 2 түп алча, 7 түп арча, 4 түп карагайларды кыйдырууга макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 6-отуруму, мыйзамдуулук жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 5-пунктуна ылайык **токтом кылат:**

**1**. Гүлчө айыл аймагындагы Т.Отунчиев атындагы орто мектебинде жаңыдан кошумча имарат курулуп жаткандыгына байланыштуу, курулушка тоскоол болгон 43 түп кара жыгач, 1 түп жаңгак, 2 түп алча, 7 түп арча, 4 түп карагайларды кыйууга макулдук берилсин.

2. Ош облустук айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгынан жогорудагы тал-теректерди кыйдырууга уруксат кат алып келүү жагы Гүлчө айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**3**. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын директору Ж. Калдыбаевге милдеттендирилсин.

**4**. Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 7 - отуруму**

# Т О К Т О М
# №7

**28.03.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагындагы №5134-Октябрь, №5135-Будалык, №5144-Гүлчө-1, №5479 Нооруз, №5145 Гүлчө-2, № 5147 Курманжан датка, № 5146 Гүлчө -3, №5148 Чакмак, №5149 Жылуу-Суу, №5150 Таш-Короо участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын лепутаттарынын кезексиз 7-отуруму, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин, 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Гүлчө айыл аймагынын участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл аймагынын №5134 Октябрь, №5135 Будалык, №5144 Гүлчө-1, №5479 Нооруз, №5145 Гүлчө-2, № 5147 Курманжан датка, №5146 Гүлчө-3, №5148 Чакмак, №5149 Жылуу-Суу, №5150 Таш-Короо участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди сунуштоо, Гүлчө айыл аймагындагы жамааттар арасында өткөрүлгөн жыйындардын протоколдорунун негизинде көрсөтүлгөн талапкерлер бекитилип берилсин.

2. Участкалык шайлоо комиссиясынын резервине көрсөтүлгөн талапкерлердин өздүк документтерин Алай аймактык шайлоо комиссиясына өз учурунда тапшыруу жагы Гүлчө айылдык кеңештин жооптуу катчысы Ч.Убукеевага милдеттендирилсин.

3. Кабыл алынган токтом Алай аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги**
**8 – отуруму**

# ТОКТОМ
**№8/1**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө максаттуу трансферт болуп келип түшкөн 8 073,6 миң сом акча каражатын Гүлчө айыл өкмөтүнүн башкы планын жасатуу үчүн 2025-жылдын бекитилген сметасынын такталган планына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын отурумундагы чечими боюнча депутат Г. Абдиеванын баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 55-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын киреше бөлүгүнө республикадан кошумча берилген максаттуу трансфертти планга киргизип тактоо жагы каралсын.

| К/н | Берененин аталышы | берене | бардыгы | II-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| 1. | Максаттуу трансферт | 13321200 | 8 073,6 | 8 073,6 | |
| | бардыгы | | **8 073,6** | **8 073,6** | |

2. Гүлчө айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн сметасынын төмөндөгү беренелеринин такталган планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| Бөлүмү | Бөлүмдүн аталышы | Берененин аталышы | Берене | Бардыгы | II-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | көбөйтүү | азайтуу |
| 704 | Экономикалык суроолор | Түрдүү чыгымдар | 22154900 | 8 073,6 | 8 073,6 | |
| | | Баардыгы | | **8 073,6** | **8 073,6** | |

3. Жогорудагы акча каражатын 2025-жылга бекитилген сметанын планына өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

4. Өзгөртүү киргизилген акча каражатын мыйзамдуу , максаттуу жумшоо жана ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Тажибаев жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Э.Каныбек кызына милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

## ТОКТОМ

**12.05.2025. №8/2 Гүлчө айылы**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө” Типтүү Жобо тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №206 токтомунун негизинде, Гүлчө айыл өкмөтүнүн Мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча айыл өкмөтүнүн жер боюнча комиссиясынын курамын айылдык кеңеш тарабынан бекитүү жана мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара мөөнөттөрү бүткөндүгүнө байланыштуу жерлердин ижара акысынын баштапкы баасын аныктоо жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р.Какаровдун баяндамасын угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 4-5-пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №206 токтомунун негизинде Гүлчө айыл өкмөтүнүн аймагындагы мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер комиссиясынын курамы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- У.Ө.Тажибаев - Гүлчө айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын төрагасы
- Ч. Убукеева - Гүлчө айылдык кеңештин катчысы, комиссиянын катчысы
- Абдиаким уулу Дайир - Гүлчө айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын мүчөсү
- П.Э. Маматов - Гүлчө айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын мүчөсү
- Р. Какаров - Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башкы жер адиси
- А.Ж.Момунов - Агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башкы адиси
- Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн айыл башчылары: К.Кадырова, Курстанбек у Э, О.Сыдыков, Т.Сексенбаев , Беки уулу Жайхан.

2. Айыл өкмөттүн алдында түзүлгөн комиссиянын курамы, айрым кызматкерлердин

кызмат орду алмашкан учурда кийинки келген кызматчыга алмашылсын.

3. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Таш-Короо, Жылуу-Суу, Кара-Булак жана Чакмак айылдарындагы, Будалык айылындагы кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлеринин ижара мөөнөттөрү бүткөндүгүнө байланыштуу ошол эле жерлердин ижара акыларынын баштапкы баалары төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- 1,0 га кайракы айдоо жер үчүн – 500,0 (беш жз) сом болуп бекитилсин.

- 1,0 га чөп чабынды жер үчүн – 450,0 (торт жүз элүү)сом болуп бекитилсин.

4. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана жер боюнча башкы адиси Р. Какаровго милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

# ТОКТОМ
**№8/3**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Оро-Дөбө айылынын жашоочуларынын өтүнүчү боюнча Гүлчө айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги аянты 430,0 чарчы метр жер тилкесине жаштарды ыйманга тарбиялоо максатында жана кары-картаңдар үчүн намаз окууга жакшы шарт түзүү үчүн мечит салууга кеңеш тарабынан макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, кеңештин жер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы У.Тажибаевдин билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктуна ылайык, Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Оро-Дөбө айылындагы муниципалдык менчиктеги, аянты 430,0 чарчы метр жер тилкесине айыл тургундары үчүн мечит салууга макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап иш алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн башкы жер адиси Р.Какаровго милдеттендирилсин.

3. Тиешелүү юридикалык документин даярдап берүү жагы Алай архитектура жана шаар куруу башкармалыгына ошондой эле жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунуш кылынсын.

**4.** Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

**5.** Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

## ТОКТОМ
## №8/4

**12.05. 2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын Бөкөев көчөсүнүн №88 үйдүн жашоочусу Жумабаев Ысмандын соода-сатык дүкөнүнүн багытын турак-жайга өзгөртүп берүү арызы жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, кеңештин агрардык жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы У.Тажибаевдин билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17-пунктуна ылайык, Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** 5-01-04-1002-0891 идентификациялык коду менен катталган соода-сатык дүкөнүнүн максаттуу багытын турак-жай үчүн өзгөртүлүп берилсин.

2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап , иш алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р. Какаровго милдеттендирилсин.

3.Тиешелүү юридикалык документтерди тактап, даярдап берүү жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

4.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы кеңештин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

**ТОКТОМ**

**№8/5**

**12.05. 2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын тургуну Джоробаев Акылбектин, Нарматов көчөсүнүн №270 дарегинде жайгашкан жеке менчик турак-жайынын максаттуу багытын, мончо куруу үчүн өзгөртүүгө макулдук берүү арызы жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, кеңештин агрардык жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы У.Тажибаевдин билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17-пунктуна ылайык, Гүлчө айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Гүлчө айылынын тургуну Джоробаев Акылбектин, Нарматов көчөсүнүн №270 дарегиндеги, аянты 495,0 чарчы метр болгон жер тилкесине турак-жай куруу үчүн Гүлчө айыл өкмөтү тарабынан берилген 08.06. 2020. №42 токтомунун максаттуу багытын, мончо куруу үчүн өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш-кагаздарын мыйзам чегинде тактап, иш алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р. Какаровго милдеттендирилсин.

3.Тиешелүү юридикалык документтерди даярдап берүү жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалына сунушталсын.

4. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын көзөмөлдөө жагы кеңештин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

# ТОКТОМ

**№ 8/6**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысынын мурдагы орун басары Каришов Султанбек Ганыбаевичтин, көп жылдык үзүрлүү эмгегин эске алуу менен, маркумдун ысымын түбөлүккө калтыруу максатында, Алымбек датка сейил багынын ичинен аллея уюштурууга макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, жергиликтүү кеңештин депутаты Б.Нуралиевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 17-пунктунун негизинде , Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат :**

1. Гүлчө айыл аймагынын Алымбек датка сейил багынын ичинен, 76,5 чарчы метр болгон жер тилкеге, маркум Каришов Султанбек Ганыбаевич атындагы аллея уюштурууга макулдук берилсин.

2.Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р. Какаровго милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айыл аймагынын айылдык кенешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги**
**8 – отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 8/7**

**12.05. 2025.** **Гүлчө айылы**

**М.Адышев атындагы орто мектебинин кире бериш жагында бир түп карагай мектептин дубалына жабышып өсүп, окуу каанасынын терезесин тосуп, караңгы болуп жаткандыгына жана электр чубалгыларына тийип өсүп, коопсуздук жараткан бир түп теректи кыйууга макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги 8-отуруму, мыйзамдуулук жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.Ажибековдун билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктуна негизденип **токтом кылат:**

**1.** М.Адышев атындагы орто мектебиндеги коопсуздук жараткан бир түп карагай жана бир түп теректи кыйууга макулдук берилсин.

2. Жогорудагы теректерди кыйууга уруксат катын Ош облустук айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгынан алып келүү жагы Гүлчө айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын директору Ж. Калдыбаевге милдеттендирилсин.

4. Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

ГҮЛЧӨ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ГУЛЬЧИНСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 8/8**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу Курманжан датка айылындагы №10 А.Мадалиев атындагы негизги мектебинде 2024-2025- окуу жылына карата жаңы мектептин курулушу башталуунун алдында турат. Курулуучу мектептин айланасында өсүп, жетилип, коопсуздук жараткан жана курулуш техникаларына тоскоол болгон 112 түп тал-теректерди кыйдырууга макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, мыйзамдуулук жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.Ажибековдун билдирүүсүн угуп, талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктуна негизденип **токтом кылат:**

1. 2024-2025-окуу жылында курулуш болчу №10 А.Мадалиев атындагы негизги мектептин айланасындагы курулуш техникаларына тоскоол болуп, коопсуздук жараткан арызда көрсөтүлгөн 112 түп тал-теректеин ичинен 73 түбүн кыйдырууга макулдук берилсин.
2. Ош облустук айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгынан, жогорудагы 73 түп тал-теректерди кыйууга уруксат кат алып келүү жагы Гүлчө айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын директору Ж. Калдыбаевге милдеттендирилсин.

4.Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
ГҮЛЧӨ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ГУЛЬЧИНСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 8/9**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу №1 мектепке чейинки билим берүү уюмунун айланасында өсүп- жетилип, коопсуздук жараткан айрым бак-дарактарды жана бакчанын кире беришинде өсүп, тамырлары терендеп, имараттын пайдубалына зыян келтирген 1 (бир) түп арчаны кыйдырууга макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, мыйзамдуулук жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктуна негизденип **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнө караштуу №1 мектепка чейинки билим берүү уюмунун айланасында өсүп-жетилген жана коопсуздук жараткан 3(үч) түп кара жыгачты кыйдырууга макулдук берилсин.
2. Жогорудагы теректерди кыйуу үчүн Ош облустук айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгынан уруксат кат алуу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге, жана «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын директору Ж. Калдыбаевге милдеттендирилсин.

4. Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, депутаттык этика жана кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

**Т О К Т О М**

**№8/10**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагындагы калктуу конуштардын көчөлөрүнө, эс алуучу жайларга (маданият үйү, клуб ж.б.), мекеме ишканаларына, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемелерине ысым ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жана Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү Жобону иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, мыйзамдуулук жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.Ажибековдун сунушу боюнча баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-17-пунктуна негизденип **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл аймагындагы калктуу конуштардын көчөлөрүнө, эс алуучу жайларга (маданият үйү, клуб ж.б.), мекеме ишканаларына, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемелерине ысым ыйгаруунун жана Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу"наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобосу бекитилсин. (Тиркеме тиркелет).
2. Кабыл алынган Жобонун талаптары мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук жана депутаттык этика жана анын ишмердүүлүгү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.
4. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук жана депутаттык этика жана анын ишмердүүлүгү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**«БЕКИТИЛДИ»**

**Гүлчө айылдык кеңешинин**
**8-чакырылышынын депутаттарынын Гүлчө айыл аймагындагы калктуу конуштардын көчөлөрүнө, эс алуучу жайларга (маданият үйү, клуб ж.б.), мекеме ишканаларына, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемелерине ысым ыйгаруунун тартиби жөнүндө**
**Жобо**

## I. Жалпы түшүндүрмө

1.1 Бул Жобо Гүлчө айыл аймагындагы калктуу конуштардын көчөлөрүнө, көчөнүн мурдагы атын өзгөртүү жана эс алуу жайларына ысым ыйгаруу тартибин аныктайт.

1.2 Ысым ыйгаруу демилгесине - жергиликтүү башкаруу органы, жергиликтүү жашоочулар, мекеме ишканалардын эмгек жамааты, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот.

1.3 Ысым ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айылдык кеңеш кабыл алып, туруктуу комиссияга кароого жөнөтөт, отурумда туруктуу комиссия арызды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгат. Тиешелүү документтери такталгандан кийин жыйынтыгы протоколдоштурулуп, айылдык кеңештин кезектеги сессиясынын күн тартибиндеги маселеле катары кароого жөнөтөт.

1.4 Калктуу конуштардын көчөлөрүнө, эс алуу жайларына, мекеме, ишканаларына, окуу жайына ат берүү айылдык кеңештин сессиясында депутаттардын кароосуна коюлуп, жалпы депутатттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгондон кийин колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат;

## II Гүлчө айыл аймагынын калктуу конуштарынын көчөлөрүнө, мекеме-ишканаларына, эс алуу жайларына, билим берүү мекемелерине ысым ыйгаруу , көчөнүн мурдагы атын өзгөртүү үчүн негизги талаптар:

2.1 СССРдин учурундагы жана азыркы учурдагы Кыргыз Республикасынын баатырлары, орден, медалдардын ээлерине;

2.2 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарынын ээлерине;

2.3 Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ишмерлерине, көрүнүктүү илимий даражага ээ болгон окумуштууларга;

2.4 СССРдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына;

2.5 Улуу Ата-Мекендик согуштун, Афган, Чернобыль, Баткен коогаланынын катышуучуларына, интернационалдык милдетин аткарууда мыкты өзгөчөлүгүн көрсөтө алган учурда сыйлыкка ээ болгондорго;

2.6 Айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон жана айыл аймагынын ар кандай тармактарына кошкон зор эмгектери үчүн Ардактуу наамдарга ээ болгон инсандарга;

## II. Калктуу конуштардын көчөлөрүнө, ысым ыйгаруунун тартиби

3.1 Мурда адамдардын ысымы берилген көчөлөрдүн аты ар кандай жүйөөсүз себептер менен өзгөртүүгө болбойт;

3.2 Калктуу конуштардагы бир көчөгө бир гана ысым ыйгарылат, мындан ары көчөнү бөлүктөргө бөлүп ысым ыйгарууга тыюу салынат.

3.3 Жаңы көчөгө ысым ыйгарууга кеткен чыгымдар жеке тараптан жүргүзүлөт, мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

3.4 Көчөнүн атын которууга кеткен чыгымдарга төмөндөгүлөр кирет:

- көчөгө атайын формадагы темир тактага көчөнүн атын жасатып илдирүү жана ушул көчөнүн туура көчөлөр менен кесилишкен жерлерине атайын формадагы

тактаны көчөнүн баш жана аяк жагына орнотуу;

- көчөнүн жолун, арыктарын ирээтке келтирүү, жашылдандыруу, көрктөндүрүү жана жарык менен камсыз кылууга көмөктөшүү;
- көчөдө жашаган жашоочулардын үй китепчелерин, паспортторун кайрадан учетко
- көчөнүн атын оңдоо боюнча райондук архитектурага, мам кадастр ишканасына, коммуналдык мекемелерге төлөнүүчү чыгымдар;

3.5 Көчөлөргө ысым берүү жана көчөлөрдүн мурунку атын өзгөртүү маселесин кароодо төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

- көчөлөргө, парктарга жана көчөлөрдүн мурдагы атын өзгөртүү маселеси боюнча ошол көчөдө жашоочулар менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйынтык протоколу же токтому;
- чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдардын жалпысы катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;
- мекеме ишканалардын эмгек жамаатынын, коомдук саясий уюмдардын сунушу;
- өздүк баракчасы сүрөтү менен, өмүр баяны, эмгек китепчесинин, паспортунун көчүрмөсү;
- мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б);

3.6 Көчөлөргө ысым берүүдө уруулардын аттары, диний мазмундагы аталыштар коюлбайт.

## IV Мекемеге, ишканага, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемесине ысым ыйгаруу талабы

4.1 Мекемеге, ишканага, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемесине ысым ыйгарууга байланыштуу чыгымдар сунуш киргизген эмгек жамаатынын, коомдук саясий уюмдардын, жеке адамдын эсебинен жүргүзүлөт. Ал чыгымдарга төмөнкүлөр кирет.

- мекеменин, ишкананын, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемесине атын өзгөртүүгө кеткен чыгымдар;
- материалдык, техникалык базасын чыңдоого кеткен чыгымдар;
- мекеменин, ишкананын жаңы печатын, штампын жасатуу ж.б чыгымдар

4.2 Мекемеге, ишканага, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемесине ысым ыйгаруу маселеси ошол мекеменин эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда талкууланып, жалпы колдоого ээ болгондон кийин токтом кабыл алынат

4.3 Токтомго мекеме жетекчисинин, профсоюз уюмунун төрагасынын колу коюлуп, мекеменин мөөрү басылып, жалпы колдоого ээ болгондон кийин токтом кабыл алынат.

4.4 Мекемеге, ишканага, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемесине ат берүүгө төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

- эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколу;
- өмүр баяны, мүнөздөмө, сунуш;
- ысымы берилүүчү адамдын эл чарбасына сиңирген эмгектери, алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;
- өздүк баракчасы сүрөтү менен;
- эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- паспортунун көчүрмөсү;

4.5 Мекемеге, ишканага, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемесине ат берүүдө өз тармагында иштеген инсан гана көрсөтүлөт.

**V Гүлчө айыл аймагындагы калктуу конуштардын көчөлөрүнө, эс алуучу жайларга (маданият үйү, клуб ж.б.), мекеме ишканаларына, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү мекемелерине ысым ыйгаруунун жокко чыгаруу**

5.1 Жобо 5 пункттан турат жана зарыл учурларда Гүлчө айылдык кеңешинин депутаттарынын сунушу менен өзгөртүү жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

**Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө**
**Жобо**

1. **Жалпы түшүндүрмө**

1.1 Бул, Жобо Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу тартибин аныктайт.

1.2 "Ардактуу атуул" наамы (жергиликтүү жамааттын) – ЖЖнын эң жогорку сыйлыктарынын бири. Айылдык кеңештин токтому менен бекитилген.

Ушул ЖОБОго ылайык айылдык кенештин төрөгасы тарабынан чоң майрамдык иш чараларга карата салтанатуу түрдө коомчулуктун алдында ыйгарылат.

1.3 "Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу демилгесине жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары–айыл өкмөтү, мекеме ишканалардын эмгек жамааты, республикалык коомдук саясий уюмдар жана облустук, райондук мамлекеттик администрациялар, көчөнүн жашоочулары, жеке менчик ишканалардын жамааттары ээ болот.

1.4 "Гүлчө айыл аймагынын ардактуу атуулу" наамы жергиликтүү жамааттын эң жогорку наамы болуп саналат, ал айыл аймактын өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкондугу үчүн Гүлчө айылдык кеңешинин чечими менен берилет.

1.5 "Гүлчө айыл аймагынын ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды айылдык кеңеш кабыл алып, туруктуу комиссияга кароого жөнөтөт, отурумда туруктуу комиссия арызды Жобонун талаптарына ылайык карап чыгат. Тиешелүү документтери такталгандан кийин жыйынтыгы протоколдоштурулуп, айылдык кеңештин кезектеги сессиясынын күн тартибиндеги маселеле катары кароого жөнөтөт.

1.6 Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына талапкерлердин документтери айылдык кеңештин сессиясында депутаттардын кароосуна коюлуп, жалпы депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон тургундун талапкерлиги колдоого алынды деп эсептелет жана чечим токтом түрүндө чыгарылат;

**II.** Гүлчө **айыл аймагынын "Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:**

2.1 Гүлчө айыл аймагына караштуу айылдарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп жылдар бою чоң салым кошуп, мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон, айылдын ар кандай тармактарында эмгектенген инсандарга;

2.2 Гүлчө айыл аймагынын өсүп өнүгүшү үчүн, элдин жашоо шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн ийгиликтерге жетишкен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин депутаттарына;

- СССР дин, Эмгектин, КР нын Баатырларына;
- Улуу Ата-Мекендик согуштун, Афган, Чернобыль, Баткен коогалаңынын катышуучуларына, интернационалдык милдетин аткарууда мыкты өзгөчөлүгүн көрсөтө алган учурда;
- Билим берүү, саламаттыкты сактоодо, маданият, спорт, айыл чарба ж.б. тармактарда жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендерге, КР эмгек сиңирген кызматкер деген наам алгандарга;
- Илимий жогорку даражага ээ болгон атуулдарга;

- Ири ишканаларды ачып, элди туруктуу жумуш орду менен камсыз кылган ишкерлерге,

- Инвестициялык долбоорлорду тартып, Гүлчө айыл аймагынын инфрустуктурасын жакшыртууга өзгөчө салым кошкон инсандарга

- Ушул аймакта туруктуу 10 жыл жашаган жарандарга жана өзү башка аймакта жашап Гүлчө айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зор салым кошкон болсо ж.б. берилет.

**III. Аймактын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби**

3.1 Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын алган атуулга «Ардактуу атуулу» жазуу лентасы, күбөлүгү жана төш белгиси ыйгарылат.

3.2 Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" төш белгиси жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

3.3 "Ардактуу атуулу" наамы жалпы жыйналыштарда, даталуу күндөрдө жылына бир жолу же бешке чейин (эгерде.зарыл болуп калса) Гүлчө айылдык кеңешинин чечими чыккандан кийин тапшырылат.

3.4 "Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу маселесин кароодо төмөндөгү иш кагаздар талап кылынат:

Эгерде "Ардактуу атуул" наамына талапкер жеке жарандар, коомдук уюмдар тарабынан сунушталган болсо:

•Талапкер боюнча ошол көчөдө жашоочулар менен өткөрүлгөн чогулуштун жыйынтык протоколу же токтому;

• чогулушка 18 жаштан жогорку жашаган адамдардын жалпысы катышып, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдук берүүсү;

• коомдук (саясий) уюмдардын сунушу, аткарган иштеринин натыйжалары тууралуу кеңири маалыматты камтуу менен;

• паспортунун көчүрмөсү;

•өздүк баракчасы сүрөтү менен, өмүр баяны, эмгек китепчесинин, паспортунун көчүрмөсү;

• мамлекеттик жогорку сыйлыктардын көчүрмөлөрү (грамота, орден, медаль, ардактуу наам ж.б).

Эгерде "Ардактуу атуул" наамына талапкер мекеме, ишканалар тарабынан сунушталган болсо:

• эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколу же токтому;

• өмүр баяны, мүнөздөмө, сунуш;

•"Ардактуу атуул" наамы берилүүчү адамдын айылга, анын эл чарбасына сиңирген эмгектери, алган сыйлыктарынын көчүрмөлөрү;

•өздүк баракчасы сүрөтү менен;

• эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

**VI** Гүлчө **айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын жокко чыгаруу**

4.1 Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы төмөндөгүдөй учурларда айылдык кенештин токтому менен жокко чыгарылат:

- Соттун чечими менен кылмыш жоопкерчилигине тартылганда;

- Тиешелүү документтердин туура эместиги ачыкталганда;

- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыратылганда.

Жобо 4 пункттан турат жана зарыл учурларда Гүлчө айылдык кеңештин депутаттарынын сунушу менен өзгөртүү жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

ГҮЛЧӨ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ГУЛЬЧИНСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 8/11**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын тургундары Айсариев Эмирбек Назарбековичке, Кенебаев Нурэмирбек Мустафаевичке, Абдиева Гульзина Нуралиевнага, Назиров Туратали Сабыралиевичке жана Шарипбек уулу Канатбектерге Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8-отуруму, депутат Б.Нуралиевдин, Гүлчө айыл аймагынын социалдык-өнүгүүсүнө салым кошуп, COVID-19 учурунда элди дары-дармек менен камсыздап, элге кызмат көрсөтүшкөн, учурда элдин жашоо шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн, инвестициялык долбоорлорду тартып, Гүлчө айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртууда өзгөчө салым кошкон, аты аталган атуулдар жөнүндө билдирүүсүн угуп, "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү Жобонун талаптарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын 20.10.2021.. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 40-беренесинин 9-пунктуна негизденип, **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл аймагынын социалдык-өнүгүүсүнө салым кошуп, элдин жашоо шартын жакшыртууда өзгөчөлөнгөн, элди туруктуу жумуш орду менен камсыз кылып, инвестициялык долбоорлорду тартып, Гүлчө айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртууда кошкон салымдары үчүн, Гүлчө айылынын тургундары Айсариев Эмирбек Назарбековичке, Кенебаев Нурэмирбек Мустафаевичке, Абдиева Гульзина Нуралиевнага, Назиров Туратали Сабыралиевичке, Шарипбек уулу Канатбектерге - Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.

2. Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылган Гүлчө айылынын атуулдарына «Ардактуу атуулу» жазуу лентасы, күбөлүгү жана төш белгиси ыйгарылсын.

3. Гүлчө айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" төш белгиси жана лентасын даярдоо үчүн кеткен чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлсүн.

4. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук жана депутаттык этика жана анын ишмердүүлүгү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын кезектеги 8 – отуруму**

**Т О К Т О М**

**№ 8/12**

**12.05.2025.** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айыл аймагындагы мектеп мугалимдеринин 2024-2025-окуу жылында окуучуларга терең билим, татыктуу тарбия берүүдө жигердүүлүк жана чыгармачылык изденүү менен билим берүүдө жараткан зор жетишкендиктери үчүн жана жаш муундарды окутуп-тарбиялоодогу үзүрлүү эмгектери үчүн Гүлчө айылдык кеңешинин "Ардак грамотасы" менен сыйлоо жөнүндө**

